**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 3-сессиясы**

# ТОКТОМ №10

**23.01. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижара акысынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 23-январындагы кезектеги 3-сессиясына сунушталган Исхак-Полотхай айыл аймагынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара акысынын баштапкы өлчөмдөрүн көтөрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн маалыматын угуп талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылыт:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижара акысынын өлчөмдөрү төмөнкүдөй бекитилсин.

   -Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу жакшы сууга жакын 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 3500 сом;

   - Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу жана сууга орто 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2500 сом;

   - Айдоо сугат категориясындагы курдуулугу начар суудан алыс бош жаткан 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2000 сом;

   -Бак категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 5000 сом;

   - Айдоо кайрак категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2200 сом;

   - Чөп чабынды категориясындагы 1,0 га жер аянтынын бир жылдык ижара акысынын баштапкы өлчөмү 2000 сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Ушул токтомду жетекчилике алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мамасалиевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн алдындагы айыл чарба мамалекттик фондунун жерлерин башкаруу боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Матажиев Г.**